# «Жигердүү жарандар» долбоору

**ӨТҮНМӨ ТАПШЫРУУГА ЧАКЫРУУ**

USAID тарабынан каржыланган «Жигердүү жарандар» долбоору Кыргыз Республикасынын жергиликтүү коомчулуктарында укуктук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү, жарандардын укуктары жөнүндө түшүнүгүн жогорулатуу, мыйзамдын үстөмдүгүн талап кылууну күчөтүү жана сот адилеттигинен пайдаланууну жакшыртуу максатында болочок грант алуучулардын арасында өтүнмөлөрдү тапшырууга чакырат. Грант АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) тарабынан каржыланган «Жигердүү жарандар» долбоорунун алкагында берилет.

**Жарыялоо күнү:**
23-сентябрь 2021-ж.

**Өтүнмөлөрдү кабыл алуунун акыркы күнү:**
24-октябрь 2021-ж.

**Өтүнмөлөрдү кабыл алууну жабыла турган саат:**
16:00

**Талапкер уюмдарга коюлган талаптар:** укуктук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү, укуктук талдоо, мыйзамдын үстөмдүгү жана айрыкча калктын өтө аярлуу топтору үчүн сот адилеттигинен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жеңилдетүү жаатында далилдүү тажрыйбага жана эксперттик билим менен көндүмдөргө ээ, расмий түрдө катталган жарандык коом уюмдары.

**Гранттардын саны:** ишти жүзөгө ашыруу үчүн «Жигердүү жарандар» долбоору бир уюмга колдоо көрсөтөт.

**Мөөнөтү:** 32 ай (ноябрь 2021 – июнь 2024)

**Гранттын бюджети:** сунушталган методология жана иштин көлөмүнө жараша. Кошумча маалымат талапкер уюмдар үчүн уюштурулган конференцияда берилет (Төмөндөгү «Талапкер уюмдар үчүн конференция» бөлүмүн караңыз).

**ЭСКЕРТҮҮ**

Талапкер уюм өтүнмөсүн даярдоого жана тапшырууга байланышкан бардык чыгымдарды өзүнө алат. «Жигердүү жарандар» долбоору бул өтүнмөлөрдү тапшырууга чакыруу келишим (контракт) же «Жигердүү жарандар» долбоорунун бул чакыруусуна жооп катары сынакка катышкан жактарга берген каржылоо милдеттенмеси эмес экендигин билдирет. «Жигердүү жарандар» долбоору өтүнмө кабыл алуу процессин, себептерин талапкер уюмдарга түшүндүрбөстөн, толугу менен жокко чыгаруу укугун сактайт.

**СЫНАККА КАТЫШУУ ЧАКЫРЫГЫ «ФЭМИЛИ ХЭЛС ИНТЕРНЭШНЛ» (FHI 360) УЮМУНУН ӨЗГӨЧӨ, КОНФИДЕНЦИАЛДЫК МҮНӨЗДӨГҮ ЖАНА ЖЕКЕ МЕНЧИК МҮЛКҮ БОЛУП ЭСЕПТЕЛЕТ. FHI 360 УЮМУНУН ЖАЗУУ ТҮРҮНДӨГҮ ТИЕШЕЛҮҮ МАКУЛДУГУСУЗ, КАНДАЙ КАРАЖАТ АРКЫЛУУ БОЛБОСУН, АНЫ КӨЧҮРҮҮГӨ, БӨТӨН ЖАКТАРГА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮГӨ ЖЕ АНЫН БЕТИН АЧУУГА ЖОЛ БЕРИЛБЕЙТ. БУЛ ЧАКЫРУУНУН НУСКАСЫН АЛУУ МЕНЕН АЛУУЧУ АНЫ (ЖАНА АГА ТИЕШЕЛҮҮ БАРДЫК ДОКУМЕНТТЕРДИ) ЧАКЫРУУГА ЖООП КАТАРЫ ЗАЯВКА ДАЯРДОО МАКСАТЫНДА ГАНА КОЛДОНУУГА ЖЕ ЗАЯВКА ДАЯРДООДОН БАШ ТАРТКАН УЧУРДА БУЛ ЧАКЫРУУНУ (ЖАНА АГА ТИЕШЕЛҮҮ БАРДЫК ДОКУМЕНТТЕРДИ) ЖОК КЫЛУУГА МАКУЛДУГУН БЕРЕТ.**

## Мазмуну

ДОЛБООРГО ЖАЛПЫ СЕРЕП....3
СЫНАК ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ....**Error! Bookmark not defined.**
ПРОГРАММА ТҮЗҮҮНҮН ЭЛЕМЕНТТЕРИ....5
ТАНДОО КРИТЕРИЙЛЕРИ....6
БААЛОО ПРОЦЕССИ....7
ӨТҮНМӨ ТАПШЫРУУ БОЮНЧА НУСКАМА....9
ШАРТТАР ЖАНА МӨӨНӨТТӨР....10

## ДОЛБООРГО ЖАЛПЫ СЕРЕП

Бул сынакка катышуу чакырыгы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) каржылаган беш жылдык «Жигердүү жарандар» долбоорунун алкагында эл аралык FHI 360 атуу уюму тарабынан ишке ашырылууда.

«Жигердүү жарандар» долбоору жарандык лидерлерге жана уюмдарга жергиликтүү жана улуттук деңгээлдеги приоритеттик маселелерди чечүүдө мамлекеттик органдар менен кызматташууга колдоо көрсөтөт. Экинчи иреттеги төрт негизги максат:

**1**: Жергиликтүү маселелерди чечүүдө, максаттары бирдей ар түрдүү кызыкдар жактардын арасында байланыш түзүү менен бирге, жарандык, мамлекеттик жана жеке сектордун өкүлдөрүнүн кызматташуусун жакшыртуу.

**2**: Тармактардын финансылык, адамдык жана интеллектуалдык ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу.

**3**: Айрыкча жергиликтүү деңгээлде адамдарга жагымдуу таасирин тийгизген, жогору майнаптуу жарандык катышуу үчүн үзгүлтүксүз үйрөнүү жана ыңгайлашуу.

**4**: Жарандардын өз укуктарын түшүнүүсүн жогорулатуу жана мыйзамдын үстөмдүгүн талап кылууну көчөтүү.

## Сынак тууралуу маалымат

Кызыккан талапкер уюмдар жогоруда белгиленген экинчи иреттеги максаттардын төртүнчүсүн жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтө турган методологияны сунуштап, негиздеме берүүлөрү зарыл. Бул максатка жетүү «Жигердүү жарандар» долбоорунун бардык кызматкерлери менен бирге иш алып барууну талап кылат. Андан тышкары, мыйзам үстөмдүгү аркылуу укуктардан майнаптуу пайдалануу мүмкүнчүлүгү жарандык катышууну күчтөндүрүү менен тыгыз байланышта экендигин түшүнүү дагы зарыл. Кыргызстанда жергиликтүү жана улуттук деңгээлдеги жарандык активизмдин айрым формалары күч алганына карабастан мыйзамдын үстөмдүгү аркылуу адам укуктарынын бирдей корголуусуна жана алардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө карата тоскоолдуктарды жоюу үчүн кошумча күч-аракет жумшоо зарыл. Акыркы жылдагы Конституцияга жана мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөр жарандык коомго, анын ичинде эркектер менен аялдардын коомдук турмушка бирдей катышуусуна тийгизген жагымдуу же чектөөчү таасири эске алынышы керек.

Ийгиликтүү талапкер уюмдун төмөнкү багыттардагы иш-чараларды аткаруу үчүн методолгия сунуштоосу тийиш: *(Берилген тизме бардык багыттарды толук камтыбайт, ошондуктан талапкер уюмдардын өз ишмердүүлүгүнүн негизги миссиясына байланышкан альтернативалык жана кошумча ыкмаларды жана иш-чараларды сунуштоосу дурус).*

- **Коомчулук менен иштөө**
  - **Коомдук кампаниялар.** Юстиция министрлиги жана Акыйкатчы институту менен биргеликте жана «Жигердүү жарандар» долбоорунун жалпы жетекчилиги астында, белгиленген эксперттер жана уюмдар аркылуу, укуктук өкүлдүктөн кантип пайдалануу жана адам укуктары жөнүндө калктын

USAID FROM THE AMERICAN PEOPLE

fhi360 THE SCIENCE OF IMPROVING LIVES

кабардарлыгын жогорулатуу үчүн коомдук маалыматтык кампанияларды иштеп чыгып жана жүзөгө ашыруу.

- **Активисттер (пара-юристтер)**. Юстиция министрлиги жана Акыйкатчы институту менен биргеликте жана «Жигердүү жарандар» долбоорунун жана «Фергана өрөөнүнүн чек арасыз юристтери» коомдук бирикмесинин жалпы жетекчилиги астында, «насаатчыларды» уюштуруу боюнча туруктуу программа иштеп чыгып, жүзөгө ашыруу. Насаатчылар – бул адам укуктары жөнүндө, укуктардын аткарылышын талап кылуу жана талаш-тартыштарды чечүү үчүн ресурстар тууралуу калктын кабардарлыгын жогорулатууга кызыккан жарандык активисттер.

- **Юридикалык жардам көрсөтүүчүлөр**. Юстиция министрлиги жана «Фергана өрөөнүнүн чек арасыз юристтери» коомдук бирикмеси менен биргеликте «Жигердүү жарандар» долбоорунун жетекчилиги астында, Кыргызстандын түндүк аймактарындагы мамлекеттик жана бейөкмөт секторлорундагы юридикалык жардам көрсөтүүчүлөрдүн муктаждыгына ылайык юридикалык окутуу программасын иштеп чыгып, жүзөгө ашыруу. Анын ичине Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам борборлору (МКБЮ) жана Акыйкатчы институту менен биргеликте чектелген сандагы юридикалык жардам көрсөтүүчүлөргө материалдарды изилдөөгө жардам берүү кирет. Бул изилдөө адилеттикке карата тоскоолдуктарды аныктоо жана чечимдерди табуу боюнча иш-аракеттердин негизи болот. Бул изилдөө «Жигердүү жарандар» долбоорунун жетекчилиги астында насаатчылар жана тиешелүү жарандык коом тармактары менен биргеликте жүргүзүлөт.

- **Жарандык коом тармактары**. «Жигердүү жарандар» долбоорунун жетекчилиги астында жана «Фергана өрөөнүнүн чек арасыз юристтери» коомдук бирикмеси менен биргеликте, дараметти жогорулатуу жана эдвокасини күчөтүү үчүн негиз катары жарандык лидерлердин жана уюмдардын тармактарын чыңдоого багытталган иш-чараларды иштеп чыгууну жана ишке ашыруу. Бул иш-чаралар үч конкреттүү жана өз ара байланышкан темаларды камтуусу тийиш: гендердик зомбулук, биригүүгө жана сөз эркиндиги жана коомдун саламаттыгына жана коопсуздугуна таасир эткен негизги мамлекеттик кызматтар.

***«Жигердүү жарандар» долбоорунун 2-иреттеги 4-максат боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруудагы тараптардын жоопкерчиликтери боюнча диаграммасы төмөндө берилген.***

**2-иреттеги 4-максат:** жарандардын мыйзамдуу укуктары жөнүндө түшүнүгүн жогорулатуу, мыйзамдын үстөмдүгүн талап кылууну күчөтүү.

**FHI 360**

- Долбоордун ишке ашырылуусу үчүн негизги жоопкерчиликти алат, 4-максат боюнча бардык иш-чараларга жетекчилик кылат.
- Улуттук өнөктөштөр аркылуу юридикалык укуктар жана адилеттикке жетүү жолдору жөнүндө коомдун кабардарлыгын жогорулатат.
- «Фергана өрөөнүнүн чек арасыз юристтери» жана тандалган грант алуучу бардык иш-чаралар боюнча FHI 360 уюму менен макулдашат.

**«Фергана өрөөнүнүн чек арасыз юристтери»**

- Жарандардын укуктары жөнүндө түшүнүгүн жогорулатуу, мыйзамдын үстөмдүгүн талап кылууну күчөтүү жана сот адилеттигинен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жеңилдетүү максатында «Жигердүү жарандар» долбоорунун иш-чараларын Кыргыз Республикасынын түштүк аймактарында ишке ашырат.

**Тандалган грант алуучу(лар)**

- Жарандардын мыйзамдуу укуктары жөнүндө түшүнүгүн жогорулатуу, мыйзамдын үстөмдүгүн талап кылууну күчөтүү жана сот адилеттигинен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жеңилдетүү максатында «Жигердүү жарандар» долбоорунун иш-чараларын Кыргыз Республикасынын түндүк аймактарында ишке ашырат.

## ПРОГРАММА ТҮЗҮҮНҮН ЭЛЕМЕНТТЕРИ

### Долбоордун сүрөттөмөсү

Талапкер уюмдар сунушталган иш-чаралардын, анын ичинде максаттарынын, милдеттерин, иш-чаралардын, күтүлүүчү натыйжалардын, мөөнөтүнүн жана логикалык түзүлүшүнүн кыскача баяндамасын тапшыруу зарыл. Иш-чаралардын ырааттуулугу ачык жана так болуп, негизги иш-чаралардын ар бирин ишке ашыруу мөөнөтү белгиленүүсү кажет.

### Бюджеттин түзүлүшү

«Жигердүү жарандар» долбоору жогоруда белгиленген иш-чараларды **2021-жылдын 15-ноябрынан 2024-жылдын 30-июнуна** чейинки мөөнөттө жүзөгө ашыруу үчүн бир грант бөлүп берет.

| Гранттын түрү | Мөөнөтү | Гранттардын саны | Гранттын суммасы |
|---|---|---|---|
| Стандарттык | 32 ай | 1 грант | Иш көлөмүнө жараша |

Бюджеттин 70%на чейинки каражаттары долбоорду ишке ашыруу менен түздөн-түз байланыштуу чыгымдарды жабууга жумшалуусу тийиш. Административдик чыгымдардын (мисалы, айлык акылар, ижара жана коммуналдык кызматтар үчүн төлөмдөрдүн) үлүшү жалпы бюджеттин 30%нан ашык болбоосу тийиш.

## ТАНДОО КРИТЕРИЙЛЕРИ ЖАНА ТАПШЫРЫЛА ТУРГАН ДОКУМЕНТТЕР

### ТАЛАПКЕР УЮМДАРЫНА КАРАТА КОЮЛУУЧУ МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

- Талапкер уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коммерциялык эмес уюму катары катталуусу шарт;
- Талапкер уюмдар мыйзам үстөмдүгү жана сот адилеттигинен пайдалануу мүмкүнчүлүгү багытында жок дегенде акыркы 3 жыл жигердүү иш алып баруусу жана тиешелүү долбоорлорду ишке ашырууда далилдүү тажрыйбага ээ болуусу кажет;
- Талапкер уюмдардын эң аз дегенде 3 штаттык кызматкери, алардын арасында мыйзамдарды талдоо, калктын түрдүү катмарларына юридикалык жардам берүү жаатында 4 жылдык далилдүү тажрыйбага ээ юридикалык эксперттин болуусу тийиш;
- Талапкер уюм өнөктөш уюмдар жана бирикмелер аркылуу юридикалык кызматтарды күчтөндүрүү үчүн чыныгы даражетке ээ болуусу кажет;
- Керектүү саясат жана ченемдик укуктук база реформаларын аныктап, ишке ашыруу үчүн мамлекеттик мекемелер менен байланыш, карым-катнаш түзүү боюнча талапкер уюм бай тажрыйбага ээ болуусу тийиш;
- Талапкер уюмдун учурдагы уставы жана миссиясы «Жигердүү жарандар» долбоорунун милдеттерине жана бул гранттык программанын максатына шыйкеш.

Коюлган талаптарга жооп берген, документтерди жана бюджетти белгиленген форматта толук тапшырган талапкер уюмдардын гана өтүмөлөрү каралат.

Грант алуу үчүн өтүнмөгө төмөнкү документтер кирет:

**Өтүнмөлөрдү формасы**, тиркемелери менен (кошумча маалымат үчүн өтүнмөнүн формасын караңыз)

**Бюджеттин таблицасы жана баяндамасы:** Талапкер уюмдун чыгымдар боюнча сунушу бюджеттин деталдуу таблицасын жана түшүндүрмөсүн камтуусу кажет. Бюджеттин деталдуу таблицасында ар бир чыгаша статьясына тиешелүү чыгымдар/баалар толук бөлүнүп көрсөтүлүүсү тийиш. Бюджетте эмгек акылары, транспорттук чыгымдар, кызмат сапарларына же аткарылган иш-чараларга байланыштуу башка тике чыгымдар көрсөтүлөт. Бюджеттин түшүндүрмөсүндө чыгымдардын жөндүүлүгүнө жана долбоор иш-чараларынын тийиштүүлүгүнө негиздеме берилет. Долбоордун бардык чыгымдары кыргыз сому менен көрсөтүлүүсү тийиш. Бюджет долбоорду (2021-жылдын 15-ноябрынан 2024-жылдын 30-июнуна чейинки) ишке ашыруу мөөнөтүн толугу менен чагылдыруусу зарыл. **Тандалган шартта талапкер уюмдун сунушталган айлык акыларын, ижараны жана катардагы эмес (кеңири колдонуудан тышкаркы) товарларга тиешелүү бюджеттин беренелерин ырастоочу документтерди камсыз кылуусу күтүлөт.**

**Милдеттүү эмес кошумча документтер:** брошюраларды, изилдөөлөрдүн отчётторун,

публикациялардын көчүрмөлөрүн жана мурда ишке ашырылган программалардын натыйжаларын чагылдырган башка материалдарды да тапшыра алат.

«Жигердүү жарандар» долбоору өтүнмөгө байланыштуу кошумча маалымат талап кылуусу мүмкүн.

## БААЛОО ПРОЦЕССИ

Жогоруда белгиленген тандоо критерийлерине жооп берген бардык кызыккан талапкер уюмдар бул чакыруунун талаптарына, шарттарына жана мөөнөттөрүнө, баалоо критерийлерине ылайык өтүнмө тапшырууга чакырылат. Өтүнмөлөр англис жана орус тилдеринде тапшырылуусу тийиш. Талапкер уюмдар берилген заявканын формасын жана бюджеттин үлгүсүн колдонуулары зарыл. Заявканын формасында белгиленген документтер тиркелген өтүнмөнү жана бюджетти 2021-жылдын 24-октябрына, Бишкек сааты боюнча 16:00гө чейин тапшырыңыздар.

Кабыл алынгандан кийин «Жигердүү жарандар» долбоорунун кызматкерлер тобу өтүнмөлөрдүн долбоордун талаптарына жана төмөндө берилген баалоо критейрилерине шайкеш келерин текшерет. Толук эмес же кеч тапшырылган өтүнмөлөр талаптарга жооп бербейт деп таанылып, каралбайт. өтүнмөлөрдүн бардыгы жашыруун деп саналып, тиешелүү мүнөздө иштетилет.  өтүнмөлөрдү кароо үчүн көз карандысыз эксперттерден, «Жигердүү жарандар» долбоорунун жана/же Кыргызстанда иш алып барган башка донорлордун өкүлдөрүнөн турган көз карандысыз баалоо комиссиясы түзүлөт.

Ар бир өтүнмөнү баалоо үчүн төмөнкү критерийлер колдонулат. Ар бир критерий боюнча берилген упайлардын суммасы анын баалоо процессиндеги салмагын билдирет.

| Баалоо критерийлери | Упайлардын суммасы |
|---|---|
| **Техникалык ыкма**<br>Долбоордун түзүлүшү<br>• Иш-чаралар гранттык программанын максаттарына дал келет.<br>• Сунушталган иш-чаралар өлчөп-ченелүүчү натыйжаларды жаратуусу ыктымал.<br>• Долбоор мыйзамдын үстөмдүгүн илгерилетүүдө жана сот адилеттигинен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууда маанилүү таасирин тийгизет.<br>• Долбоор башка жарандык коом уюмдары жана кызыктар тараптар менен кызматташтык мамилелерин түзөт.<br>• Долбоор башка топтор же мекемелер кайталап ишке ашыра ала турган практика же ыкманы жаратат.<br>• Сунушталган иш-чаралар көп сандагы кызыктар тараптарды/пайда алуучуларды (бенефициарларды) камтыйт. | 40 упай |

| | |
|---|---|
| Туруктуулук<br>• Долбоордун жана/же анын иш-чараларынын пайдасы гранттын мөөнөтү аяктагандан кийин дагы уланары канчалык ыктымал? | 5 упай |
| Уюмдун мүмкүнчүлүктөрү<br>• Жарандык коом уюмунун жалпы башкаруу жөндөмү.<br>• Долбоордун максаттарын ишке ашыруу үчүн талапкер уюмдун жетиштүү сандагы (штаттык, штаттан тышкары) кызматкерлери жана/же ыктыярчылары бар.<br>• Кызматкерлердин сунушталган иштерге байланыштуу көндүмдөрү, эксперттик билимдери жана тажрыйбалары көрсөтүлгөн.<br>• Талапкер уюм долбоорду/грантты башкаруу жана анын максаттарын ишке ашыруу үчүн жетиштүү мотивацияга жана дараметке ээ.<br>• Талапкер уюмдун көндүмдөрү, аброю, тажрыйбасы жана потенциалы Гранттын программалык максаттарын орундатууга түрткү берет.<br>• Айрыкча аярлуу топтордун мүчөлөрү, анын ичинде ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар, документтери жок жарандар, аялдар, жаштар жана башкалар үчүн сот адилеттигинен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу жана мыйзамдын үстөмдүгүн илгерилетүү боюнча тажрыйба.<br>• Мыйзамдарды талдоо жана тиешелүү кызыкдар жактарга рекомендацияларды сунуштоо боюнча эксперттик билим жана көндүмдөр.<br>• Сот адилеттигинен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу жана мыйзамдын үстөмдүгүн илгерилетүү боюнча тренингдерди өткөрүү жаатында эксперттик билим менен көндүмдөр жана тажрыйба.<br>• Улуттук, аймактык жана жергиликтүү деңгээлде кеңири сандагы кызыкдар тараптарды камтуу боюнча далилдүү жөндөмдүүлүк. | 40 упай |
| **Бюджет** (төмөнкү бюджетке карата кошумча талаптарды караңыз)<br>• Чыгымдардын эффективдүүлүгү (чыгымдар бюджетте жөндүү белгиленип, долбоордун миледттерин ишке ашырууну мүмкүн кылган эң үнөмдүү мүнөздө түзүлгөн).<br>• Бюджеттин кыскача баяндамасы, деталдуу бюджет жана бюджеттин түшүндүрмөсү берилген.<br>• Сунушталган чыгымдар талапкер уюмдун бул чакырууда көрсөтүлгөн талаптарды так түшүнгөндүгүн чагылдырат.<br>• Сунушталган баалар чыгашаларды көз карандысыз баалоого салыштырмалуу негиздүү жана жөндүү.<br>• Сунушталган чыгымдар сунушталган иш-чараларды эң ылайык түрдө ишке ашырууну камсыздайт.<br>• Бюджетте көрсөтүлгөн суммалар кантип эсептелгенин так сүрөттөгөн статьялары деталдуу берилген бюджет, бюджеттин баяндамасы жана коштоочу документтер талапкер уюмдун бюджетин ырастоосу зарыл. | 15 упай |

| ЖАЛПЫ ЭСЕП | 100 упай |
|---|---|

## Келишим түзүүнүн алдында коюлган талаптар

Баалоо комиссиясы тарабынан утуучу катары аныкталып, долбоорду ишке ашыра турган уюм, каржылоо алуу үчүн, келишим түзүүнүн алдында, төмөнкү баалоо процессинен өтүүсү талап кылынат:

1. FHI 360 уюмунун келишим түзүүнүн алдында тобокелдерди баалоосу. Утуучу жарандык коом уюму тобокелдерди баалоо анкетасын толтуруп, «Жигердүү жарандар» долбоору менен сырттан жолугуу өткөрөт.

Тандоо боюнча акыркы чечим USAIDдин макулдугуна жараша кабыл алынат.

## ӨТҮНМӨНУ ТАПШЫРУУ БОЮНЧА НУСКАМА

Өтүнмөлөр англис жана орус тилдеринде төмөнкү форматтардын бирине ылайык тапшырылуусу шарт:

1. Өтүнмөнүн формасында көрсөтүлгөн бардык документтер тиркелген **кагаз түрүндө** Кыргызстан, Бишкек шаары, Токтогул көчөсү 125/1, 11-кабат дареги боюнча FHI 360 уюмунун кеңсесине тапшырылат.
2. **Электрондук түрдө** электрондук почта аркылуу (заявканын формасында көрсөтүлүп, талап кылынган бардык формалардын жана материалдардын сканнерден өткөрүлгөн көчүрмөлөрү тиркелип) info.dlcpa@fhi360.org дарегине жөнөтүлөт.

Өтүнмөлөр 2021-жылдын 24-октябрына, Бишкек сааты боюнча 16:00гө чейин тапшырылуусу тийиш. Өтүнмөлөрдүнкаралуусу үчүн, тапшырылган учурда FHI 360/«Жигердүү жарандар» долбоору тарабынан кабыл алынгандыгы тууралуу билдирме жиберилет. Кагаз түрүндө тапшырылган өтүнмөлөргө катталгандыгы тууралуу дүмүрчөк кагаз түрүндө берилет. Электрондук форматта тапшырылган өтүнмөлөргө FHI 360/«Жигердүү жарандар» долбоору тарабынан кабыл алынгандыгы тууралуу электрондук билдирүү жиберилет. Жол-жоболор тууралуу толук маалыматты жана өтүнмөнүн формасын www.donors.kg сайтынан же Кыргызстан, Бишкек шаары, Токтогул көчөсү 125/1, 11-кабат дареги боюнча FHI 360 уюмунун/«Жигердүү жарандар» долбоорунун кеңсесинен алуу мүмкүн.

## Суроолор/Түшүндүрмөлөр

Талапкер уюмдар суроолорун же түшүндүрмө алуу өтүнүчтөрүн «Жигердүү жарандар» долбоорунун гранттар боюнча адисине: info.dlcpa@fhi360.org эл. почта дарегине, 2021-жылдын 10-октябрынан кечиктирбей жөнөтө алышат. Электрондук билдирүүнүн темасына "«Жигердүү жарандар» долбоорунун гранттык программасы" – деп жазылуусу зарыл. **Суроолорго жана өтүнүчтөргө жооп 2021-жылдын 15-октябрына чейин берилет.** Бул күндөн кийин жөнөтүлгөн суроолор жана түшүндүрмө алуу өтүнүчтөрү кабыл алынбайт жана аларга жооп кайтарылбайт.

## Талапкер уюмдар үчүн конференция

FHI 360 талапкер уюмдар үчүн конференцияны 2021-жылдын 06-октябырында Бишкек сааты боюнча саат 14-00 Бишкек шаары, Токтогул көчөсү, 125/1, 11-кабат, дареги боюнча өткөрөт же онлайн катышса болот (https://us06web.zoom.us/j/89619481616). Конференцияда талапкер уюмдарга долбоор, бюджеттин деталдары, сунуштала турган колдоо жана өтүнмө тапшырууга карата талаптар тууралуу көрсөтмөлөр берилет. Конференцияда кыска презентация өткөрүлүп, андан кийин талкуулоо, суроолор жана жоопторго арналган бөлүк каралган. Оруңдан чектелүү. Болочок талапкер уюмдар катыша тургандыгы тууралуу билдирүүлөрүн «Жигердүү жарандар» долбоорунун гранттар боюнча адисине: info.dlcpa@fhi360.org эл. почта дарегине, 2021-жылдын 01-октябрынан кечиктирбей жөнөтүүлөрү зарыл.

Конференцияга катышуу жана ага байланыштуу жол жүрүүгө жумшалган убакыт жана чыгымдар талапкер уюмдар тарабынан төлөнөт жана «Жигердүү жарандар» долбоору тарабынан кайтарылып төлөнбөйт (компенсацияланбайт).

**өтүнмөлөрдү тапшыруу** → **Кароо/баалоо процесси** → **Утучу уюмду тандоо** → **Келишим түзүүнүн алдындагы баалоо** → **Гранттык келишим түзүү процесси**

## ШАРТТАР ЖАНА МӨӨНӨТТӨР

USAID тарабынан каржылангандыктан, «Жигердүү жарандар» долбоору АКШнын «Чет мамлекеттерге жардам көрсөтүү жөнүндө» мыйзамына жана башка мыйзамдарына жана жоболоруна баш ийүүсү талап кылынат. АКШнын резиденти болбогон уюмдарга карата АКШлык эмес, бейөкмөттүк грант алуучулар үчүн стандарттык жоболор колдонулат. Бул гранттык келишим алкагындагы суб-гранттык келишимдерге карата 2 CFR (Федералдык ченемдик укуктука акттардын жыйнагы) 200 жана 2 CFR 700 дагы колдонулат. USAIDдин саясатына ылайык жардам каражаттары боюнча киреше берүү каралбайт.

АКШнын резиденти болбогон уюмдарга карата АКШлык эмес, бейөкмөт грант алуучулар үчүн стандарттык жоболор жана тиешелүү чыгым принциптери (2 CFR 200 E-бөлүмү – Чыгым принциптери) колдонулат.

- 2 CFR 200 Чыгым принциптери: http://www.ecfr.gov/cgi-bin/text-idx?node=2:1.1.2.2.1.5&rgn=div6
- АКШлык эмес, бейөкмөттүк грант алуучулар үчүн стандарттык жоболор: https://www.usaid.gov/sites/default/files/documents/1868/303mab.pdf

**A. Төмөнкү иш-чаралар үчүн каржылоо берилбейт:**

- Кандайдыр бир саясий партияны колдоого байланыштуу иш-чаралар;
- Кеңири калктын колдонуусу жана пайдасы үчүн пландар менен коштолбогон, имараттарды калыбына келтирүү же оңдоо долбоорлору;
- Өзгөчө кырдаал учурунда/гуманитардык жардам же каражат таратуу;

- Диний же кандайдыр бир динди колдоого багытталган иш-чаралар;
- Кеңири коомчулук үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жогорулатуунун ордуна чакан топтордун пайдасына жүргүзүлгөн коммерциялык ишмердүүлүк;
- Тиешеси жок операциялык чыгымдар.

**B. Сатып алууга тыюу салынган товарлар жана кызматтар**

Кандай гана жагдай болбосун, грант алуучу бул грант алкагында төмөнкүлөрдүн бирин дагы сатып албоосу тийиш, анткени булар АКШнын «Чет мамлекеттерге жардам көрсөтүү жөнүндө» мыйзамына жана USAIDдин каржылоосун жөнгө салган башка мыйзамдарга шайкеш келбейт:

- аскердик жабдуулар;
- жашыруун байкоо жүргүзүү жабдуулары;
- милиция же башка укук коргоо органдарынын иш-аракеттерин колдоо үчүн товарлар жана кызматтар;
- Бойдон түшүшүрүү (аборт) жабдуулары жана кызматтар;
- Ашкере байлык товарлары жана кумар оюндары үчүн жабдуулар;
- Аба-ырайын өзгөртүүчү жабдуулар.

**C. Сатып алууга чектөө коюлган товарлар**

Төмөнкү товарларды сатып алууга байланыштуу чыгымдарга USAID тарабынан (жогорку деңгээлде АКШнын көзөмөлдөө органдары тарабынан же атайын мыйзамдар аркылуу коюлган чектөөлөрдөн улам) чектөө коюлган. Мындай чыгымдар үчүн FHI 360 уюмунун жана USAIDдин алдын ала макулдугу талап кылынат:

- айыл-чарба товарлары;
- автоунаа;
- дары-дармектер;
- пестициддер;
- жер семирткичтер;
- колдонулган жабдуулар; жана
- АКШ өкмөтүнө таандык ашыкча мүлк.

**D. Гранттык келишим**

Стандарттык гранттык келишим долбоордун бекитилген акыркы баяндамасын, бекитилген бюджетти, грант каражаттарын берүү графигин, отчёттуулук талаптарын жана тиешелүү жоболорду камтыйт. Кол коюлгандан кийин FHI 360 менен грант алуучу жарандык коом уюмунун ортосундагы аткарылуусу милдеттүү келишим болуп саналат. Кол коюлгандан кийини, FHI 360 уюмунун алдын ала жазуу түрүндөгү макулдугусуз өзгөртүү киргизүүгө жол берилбейт.

**E. Гранттык каражаттарды берүү жана финансылык башкаруу**

Бул грант боюнча каражат алуучу FHI 360 тарабынан каражаттардын которулуусуна чейин өзүнчө банк эсебин ачуусу зарыл. Грант каражаттары кыргыз сому менен бөлүнүп, банк транзакциясы аркылуу гана которулат. FHI 360 уюмунун каражаттарын башкаруу жана эсепке алуу үчүн грант алуучунун ылайыктуу финансылык ситемасы болуусу шарт. Андан тышкары, грант алуучу каражаттар бөлүнүп, которулганга чейин так жана толук финансылык отчёттorду даярдап тапшыруусу кажет.

**F. Отчет берүү**

Отчет берүү боюнча беренелер гранттык келишимде чагылдырылат. Грант алуучуга талап кылынган отчёт түрлөрү жана отчётторду тапшыруу графиги берилет.

## Эскертүү

1. FHI 360 бул чакырууну жокко чыгарып, грант бербөөсү мүмкүн.
2. FHI 360 өтүнмөлөрдүн кээ бирин же бардыгын четке кагуусу мүмкүн.
3. Сынак жүргүзүү FHI 360 уюмунун гранттык келишим түзүүгө милдеттендирбейт.
4. FHI 360 талапкер уюмдардын бул чакыруу боюнча тапшырган жооптору үчүн компенсация төлөбөйт.
5. FHI 360 көрсөтмөлөргө жана нускамаларга ылайык келбеген заявкалары үчүн талапкер уюмдардын кайсынысын болбосун дисквалификациялоого укуктуу.
6. FHI 360 бул чакырууда көрсөтүлгөн иш-чаралардын бир бөлүгүнө гана грант берүү же болбосо иш-чараларга жараша бир нече гранттык келишим түзүү чечимин кабыл алуусу мүмкүн.
7. FHI 360 атаандаштыкты күчөтүү максатында, гранттык келишим түзүүгө чейин оңдоого мүмкүн, өтүнмөлөрдөгү майда каталарды убактылуу кабыл алуу укугун сактайт.
8. FHI 360 өтүнмө тапшырган бардык талапкер уюмдар менен байланышып, байланыш адамы, дареги жана өтүнмө дал ушул чакырууга тапшырылгандыгы тууралуу маалыматты аныктайт.
9. FHI 360 өтүнмөлөрдүн кээ бирин же бардыгын, себебин түшүндүрбөстөн, кабыл албоо укугун дагы сактайт.
10. FHI 360 бул өтүнмөлөрдү тапшырууга чакырууга калаган учурда өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү укугун сактайт.

### Өтүнмөлөрдү кайтарып алуу

Талапкер уюмдар өтүнмөлөрүн гранттык келишим түзүлгөнгө чейин электрондук почта аркылуу келип түшкөн жазуу түрүндөгү билдирүүсүнүн негизинде кайтарып алуусу мүмкүн. өтүнмөлөрдү тапшыруучу адам өзү же анын ыйгарым укуктуу өкүлү гранттык келишим түзүлгөнгө чейин кайтарып алуусу мүмкүн.

### Тандоо/кабыл албоо укугу

FHI 360 атаандаштыкка ылайыктуу өтүнмө тапшырганын өзү каалагандай аныктаган уюмду тандоо жана аны менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана эч кандай жоопкерчилик тартпастан сүйлөшүүлөрдү токтотуу укугун сактайт. FHI 360 өтүнмөлөрдүн кээ бирин же бардыгын, себебин түшүндүрбөстөн, кабыл албоо укугун сактайт.

### Өтүнмөлөрдү тапшырууга чакыруу оферта эмес

Бул өтүнмөлөрдү тапшырууга чакыруу талаптардын түшүндүрмөсү гана болуп эсептелет. Бул жөн гана заявкаларды тапшырууга чакыруу жана FHI 360 уюмун тапшырылган өтүнмөлөрдүн бардыгын, бөлүгү болобу же толугу менен болобу, кабыл алууга, ошондой эле эң төмөн баа көрсөтүлгөн өтүнмөнү тандоого милдеттендирбейт. Бул өтүнмөлөрдү тапшырууга чакырууну жарыялоонун негизинде FHI 360 уюмуна эч бир уюм астында келишимдик милдеттер жүктөлбөйт. Келишим түзүү үчүн оферта болуп эсептелбейт. Жазуу

түрүндөгү келишим түзүлгөндө гана FHI 360 ошол келишимдин шарттарына жана жоболоруна ылайык өзүнө милдет алат.

### Сүйлөшүүлөр жана келишим түзүү

FHI 360 түшүндүрмө алуу, сүйлөшүү же талкуу жүргүзүү же болбосо тапшырылган өтүнмөнүн негизинде сүйлөшүүлөрдү же талкуларды жүргүзбөстөн келишим түзүү укугуна ээ. FHI 360 калаган учурда, өтүнмө боюнча талкуулур аяктагандан кийин же сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп жатканда дагы, заявканы кароодон чыгаруу укугун сактайт.

### Келишим түзүүнүн алдындагы иш-чаралар (Ар тараптуу текшерүү)

FHI 360 келишим түзүү боюнча акыркы чечим кабыл алууга чейин тандалган талапкер уюмун тиешелүү түрдө текшерүү укугун сактайт.

### Өтүнмөнүн күчүндө туруу мөөнөтү

Бул өтүнмөлөрдү тапшырууга чакыруу менен байланыштуу тапшырылган маалыматтардын бардыгы өтүнмөлөрдү кабыл алуунун акыркы күнүнөн кийин 3 (үч) айлык мөөнөт бою күчүндө болуусу тийиш. Ага башка маалыматтардан тышкары чыгымдар, баалар, шарттар жана мөөнөттөр, кызматтардын сапаты кирет. Эгерде уюмуңуз менен келишим түзүлсө, чакыруу камтыган жана сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө келип чыккан маалыматтардын бардыгына келишимдик мидеттенме мүнөзү жүктөлөт

### Өтүнмөлөрдү тастыктоо

FHI 360 уюмдар менен байланыш адамын, дарегин, өтүнмөнүн суммасын жана өтүнмө дал ушул чакыруу үчүн тапшырылганын тастыктоо үчүн байланышуусу мүмкүн.

### Өтүнмөдөгү жалган маалыматтар

Талапкер уюм өтүнмөсүндөжана анын тиркемелеринде маалыматтарды толук жана так берүүсү тийиш. FHI 360 талапкер уюм өтүнмөсүндө жалган маалымат бергенин аныктаган учурда FHI 360 андай өтүнмөну кароодон четтетүүсү мүмкүн.

## ДОКУМЕНТТЕРДИН ТОЛУКТУГУН ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН ТИЗМЕ

- ☐ Толтурулуп кол коюлган өтүнмөнүн формасы
- ☐ Сунушталган бюджет
- ☐ Талапкер уюмдун (акыркы үч жыл үчүн) финансылык отчёту
- ☐ Талапкер уюмдун мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсү